# РАЙОНДОГУ МЫКТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТ.

Болот Мамбетов айыл өкмөтү Балыкчы-Каракол автожолуна туташ орун алып, Тоң районундагы Тескей Ала-Тоо кыркаларынын этегинде жайгашкан. Райондун борборуна чейики аралык 3 км түзөт. Областтык борбору болгон Каракол шаарына чейинки аралык 135км. Жакынкы темир жол станциясы Балыкчы шаарына чейинки аралык 85км. Жакынкы аэропорт Тамчы айылына чейинки аралык 265 км түзөт. Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтү 2024-жылы 1-апрелде түзүлдү. Курамына жети айыл кирген. Алар: Төрт-Күл, Темир-Канат, Туура-Суу, Эшперов, Ак-Сай, Көк-Сай жана Жер-Үй айылы. Аткаруучу-тескөөчү органы 12 муниципалдык кызматкер. Өкүлчүлүктүү орган (кеңештин депутаттары) 21 депутаттан турат. Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн калкы бир улуттуу - 100% кыргыздар жашашат. Калктын саны  13028 адам.

2025-жыл Болот Мамбетов айыл аймагынын айыл өкмөтү үчүн өтө жемиштүү жылдардан болду. Бул жетишкендиктер айылдык кеңештин колдоосу, жана ошондой эле жергиликтүү жамааттын уюшкандыкта чогуу иш алып баргандыгынан болду десек жаңылышпайбыз.

2026-жылга карата пландалган жумуштарыбыз 95 пайызга аткарылып, айылдагы көйгөйлөрдү чечүүдө, айылдардын инфраструктурасын жакшыртууда бир катар ийгиликтерди жарата алдык.

Жаратылган ийгиликтер негизинен Эл аралык жана башка донордук уюмдар менен тыгыз иш алып баруунун натыйжасы. Атап айтсак “Гуд Нейборс” уюму аркылуу эле айыл аймагына 12 513 750 сом инвестиция кирген. Ушул уюм тарабынан  М.Дөгдүров жалпы билим берүү мектебине жана Б.Мамбетов жалпы билим берүү мектебине ажатканалар курулду. 2025-2026-жаңы окуу жылынын башында 2 000 000 сомго окуучуларга сумка жана башка канцелярдык товарлар алынып берилди. Ошондой эле “Гуд мама” долбоорунун  алкагында 250 000 сомго айыл аймагындагы кош бойлуу аялдарга “сумка роддом” берилди. Медицина кызматкерлерине 115 000 сомго медициналык аптечкалар берилди. Дыйкандарды жаңы сорттогу үрөндөр менен камсыздоо максатында жалпы 40 млн. сомго картошканын “Элита” үрөндөрү алынып таратылып берилди. Бул болсо биздин дыйкандарыбыздын түшүмүн көбөйүп,  кирешесин кыйла жогорулатууга өбөлгө түздү.

Мындан тышкары, БУУнун «Дүйнөлүк азык-түлүк программасы» долбоору аркылуу Эшперов, Көк-Сай, Жер-Үй айылдырына 3 даана “Беккари чуңкуру” салынып, Темир-Канат айылында кампанын чатырын жабуу,  дарбаза орнотуу жана сейил

бакты коруу, Көк-Сай айылындагы көпүрөгө габион сетка коюу жумуштары аткарылып жалпы суммасы 751 644 сомду түздү. Жогорудагы жумуштарды аткарууга айыл тургундарынан 49 адам тартылып, жалпы 14,7тонна ун жана 1363.7литр суу май эмгектерине алышты.

Ошондой эле эле калкты ичүүчү таза суу менен камсыздоо дагы көз жаздымда калган жок. Көк-Сай айылына FSDS уюмунан 700 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 200 000 сом каржыланып, таза суунун 180 абонентине суу эсептегичтери коюлду жана бактериялык аппарат орнотулду.Төрт-Күл айылынын таза суусунун скважинасын ремонттоого FSDS уюму тарабынан - 2 000 000сомго каржыланып, жергиликтүү бюджеттен - 400 000сом каралып скважина ремонттон өткөрүлгөн.

Ушул эле FSDS уюму менен иш алып баруунун натыйжасында Көк-Сай айылына жаштар үчүн тренажер залы курулуп ишке берилди. FSDS уюму 700 000 сом, жергиликтүү калктан 200 000 сом, Тоң районунун мамлекеттик администрациясынан 50 000 сомго каржыланып, тренажер залына спорттук инвентарлар алынды. Быйыл март айында Тоң районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин катышуусу менен ачылып, ишке бердилди.

“Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш-аракеттер планы жөнүндө” 2022-жылдын 6-сентябрындагы ПЖ № 305 Президентибиздин Жарлыгын, “Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун жана климаттык туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” Президентибиздин Жарлыгын ишке ашыруу максатында айыл аймагындагы таштанды полигондору толугу менен жабылып, кошуна Күн-Чыгыш айыл өкмөтү менен бирге чоң таштанды полигону ачылган. Бул полигинго ташууга жана айыл аймагындагы таштандыны убагы менен чыгарууга 1 техника жетишпей жаткандыктан, “Кумтор Голд” компаниясынан жана жергиликтүү бюджеттен каржыланып 3 550 000 сомго атайын таштанды ташуучу (мусоровоз) техникасы алынып, айыл элине кызматын көрсөтүп баштады. FSDS уюмунан 500,0 мин сом, Кумтор Голд компаниясынан 500,0 мин сом каржыланып, Ак-Сай айылына мал өртөөчү крематорий аппараты алынып ишке берилди. Буга кошумча жергиликтүү бюджеттен 116,0 миң сом каралып, навеси курулган.

2022-жылы Президентибиз С.Н.Жапаровдун демилгеси менен башталган Улуттук “Жашыл Мурас” кампаниясынын алкагында Темир-Канат айылындагы “Беккул ата эстелигинин тегерегин

коруу жана жашылдандыруу» долбоору ишке ашырылды. Бул долбоор Тоң райондук өнүктүрүү фондунан 596393сомго каржыланган. Мындан тышкары жергиликтүү бюджеттен 271 000 сомго каржыланып, эстеликтин тегерегине 250түп карагай отургузулду. «Байбосун» проектиси аркылуу 400 түп карагат, 100 түп чычырканактын көчөтү отургузулду. Темир-Канат айылынын чыгаан уулдары айылды жашылдандыруу максатында айылга 50 түп туя, 200 түп теректин көчөтүн отургузушту. Мындан тышкары, айылдардагы социалдык объектилерге жана парктарга жалпы 2350 түп ар кайсы түрдөгү көчөттөр отургузулган. Бул компанияны быйыл дагы улантуу үчүн жалпы 3000 көчөт отургузуу пландаштырылган.

Билим берүү тармагында дагы Президентибиздин жүргүзгөн саясатына ылайык албан ийгиликтер жаралды. Республикалык бюджеттен 92 700 000 сомго каржыланып, “Рамзан” ЖЧКсы аркылуу курулуш иштери жүргүзүлүп, Жер Үй айылына 150 орундуу жаны мектеп ишке берилди. Ички жасалгаларына жергиликтүү бюджеттен 250 000 сом каралган. Бул мектептин ачылышы Президентибиз тарабынан онлайн тартибинде өткөрүлдү. Ошондой эле Ысык-Көл өнүктүрүү фонд аркылуу каржыланып, Төрт-Күл айылындагы Б. Мамбетов атындагы орто мектебинин жылуулук трассасы 1 409 676 сомго капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. Мындан тышкары, Төрт-Күл айылына Республикалык бюджеттен 1 500 000 сом каржыланып, 3 сааттык бала бакча ишке берилди.

Спорт тармагында да бир катар курулуштар курулду. Белгилей кетсек, Республикалык бюджеттен каржыланып,Төрт-Күл айылына жаны спорт комплекс курулду. Жалпы сметалык баасы 29 070 056 сомдү түзүп, курулуш иштери «Азия Эксклюзив КЖ» ЖЧКсы тарабынан жүргүзүлгөн.

Калкыбыздын эс алуусун туура уюштуруу үчүн да тиешелүү камылгалар көрүлдү. Дем берүүчү грант аркылуу Темир-Канат айылындагы сейил багы «Бакай Строй Монтаж» ЖЧКсы тарабынан капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Бул долбоордун жалпы металык баасы 4 358 116 сомду түзгөн. Демилгелүү жарандарыбыз дагы кош колдоого алып, Төрт-Күл айылынын сейил паркына Улуу ата мекендик согушунун ардагери Бейшенбаев Түркөнакун атанын урпактары сметалык баасы 600 000 сомдү түзгөн балдар аянтчасын курушту.

Жерибиз мал киндиктүү болуп, элибиздин 90% пайызы мал чарбачылыгы менен алектенгендиктен, мал багуучуларыбызга тиешелүү шарттарды түзүүдө дагы бир катар жумуштар аткарылды.

Жер-Үй, Туура Суу, Темир-Канат, Көк-Сай айылдарына тиешелүү жайыт жолдорунан жалпы 10 км оңдоп түзөөдөн өткөрүлдү.

Жол ранспорттук инфраструктураны жакшыртуу максатында Дем берүүчү грант аркылуу Төрт-Күл айылындагы Азарбек көчөсүнүн 700 м аралыгына асфальт төшөлүп, капиталдык ремонттон өткөрүлдү» Сметалык баасы - 5355051 сомду түзөт. Капиталдык ремонт иштерин «Балыкчы Сервис» ЖЧКсы алып барган. Ушул эле ЖЧКсы аркылуу дем берүүчү гранттан каржыданып Ак-Сай айылындагы М.Тойгонбаев көчөсүнө 0,668 чакырым асфальт төшөлүп, капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Сметалык баасы - 5330513 сомду түздү. Мындан тышкары, Республикалык бюджеттен 22 000 000 сомго каржыланып, ЖТИ-33 аркылуу Темир-Канат айылына 3 км асфальт төшөлдү. Ошондой эле Тоң районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан 500 л. күйүүчү май, жергиликтүү бюджеттен 7,5 тонна күйүүчү май бөлүнүп, Болот Мамбетов айыл аймагына караштуу 7 айылынан жалпы 10км ички жолдор ондоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Айыл аймагынын сугат суу меселесин чече турган өтө чоң долбоорлордун бири болгон “Чокмор Ата” суу сактагычынын курулуш иштери “Сити Комплекс” ЖЧКсы аркылуу жүргүзүлүүдө. Бул долбоор Республикалык бюджеттен 417 000 000 сомго каржыланган. Курулуш иштери 2026-жылы толугу бүтөт деген ишеничте турабыз.

Өзгөчө кырдаалдарын алдын алуу багытында бир топ иштер аткарылды. Көк-Сай айылындагы көпүрөнүн эки тарабын габион сеткасы менен бекемдөө жумуштары жүргүзүлүп, колдонууга берилди 60 м (СПЛМ) менен. Темир-Канат айылында 667 м, Ак-Сай айылында 914 м селден сактоочу дамбаны тазалоо, бекемдөө жана калыбына келтирүү жумуштары жасалды. Баардыгы СПЛМ менен 1641 м. дамба тазаланды. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн тапшырмасынын негизинде, Тоң районунун мамлекеттик администрациясынын колдоосу менен жана Б.Мамбетов айыл өкмөтү тарабынан Ак-Сай айылынан узундугу 6458 метр дамба тазаланды. 2026-жылга “Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу” боюнча Эшперов айылынын күн батыш тарабындагы селден сактоочу Бүркүт (Марка №1) жана Кызыл-Тоо (Марка №2) 4640 м узундукта механикалык жол менен тазалап жээгин бекемдөө иштерин жүргүзүү 2026-жылдын (СПЛМ) атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча долбоорго өткөрүлдү. Сел суу ташкындарынын алдын алуу максатында айыл өкмөт тарабынан 6 көпүрө оңдоп- түзөөдөн өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги ПЖ №109 «Жерлерди өзүм билемдик менен мыйзамсыз

ээлеп алуу фактыларын алдын алуу жана болтурбоо боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын аткаруу максатында төмөндөгүдөй иштер аткарылган:

Төрт-Күл айылынан 2 жаран мыйзамсыз кызыл чектен чыгып коруп алган коругу жылдырылган. Эшперов айылынан 3 жаран мыйзамсыз кызыл чектен чыгып коруп алган коругу жылдырылган.

Эшперов айылынан суунун коргоо зонасын мыйзамсыз коруп алган 5 жарандын коруктары жер, суу көзөмөл кызматынын инспекторлору менен биргеликте жылдырылды. Төрт-Күл айылынан суунун коргоо зонасын мыйзамсыз коруп алган 8 жарандын коруктары жер, суу көзөмөл кызматынын инспекторлору менен биргеликте жылдырылды. Ак-Сай айылынан 4 жаранга мыйзамсыз кызыл чектен чыгып коруп алган коруктарын жылдыруу боюнча билдирүүлөр берилди. Төрт-Күл айылында 15 жарандын мыйзамсыз кызыл чектен чыгып коруп алган коругу жылдырылган. Ак-Сай айылынан кызыл чектен чыккан 5 жарандын коругу жылдырылды. Жалпы: айыл аймагы боюнча 42 жарандын коругу жылдырылган.

Мындан тышкары өздөштүрүүгө берилген жерлерди кайтаруу жана укук бузуулар менен иш алып баруу жаатында дагы алгылыктуу иштер аткарылды. Атап айтсак, Айыл аймагынын Ак-Сай айылынын көл жээгинен Тоң районунун прокуратурасынын жардамы менен «Ак-Булуң» жана «Кара-Сай» участкаларынан 262 га асылдуулугу төмөн жайыт жери мамлекеттин карамагына алынды. Соттук териштирүү иштеринин жыйынтыгы менен 49 га асылдуулугу төмөн жайыт жер тилкеси алынуу алдында турат. Укук бузуулар боюнча жалпы 31 протокол түзүлүп, 210 миң сом акча каражаты өндүрүлдү. 2 протокол эскертүү катары берилген.

Жыйынтыктап айтканда, 2025-жылдын 12 айында айыл аймагына **313 000 000** сом таза инвестиция тартылган. Бул жетишкендиктерибиз жетекчилик тарабынан жогору бааланып, жыл жыйынтыгы менен “Тоң районунун мыкты айыл өкмөтү” номинациясынын ээси болдук.

Дагы алдыда жасай турган иштер, аткара турган милдеттер арбын. 2026-жылга дагы бир катар долбоорлорду ишке ашырууну пландап, иш-аракеттерди көрүп жатабыз. Белгилей кетчү нерсе, 2026-жылга карата дем берүүчү грант боюнча районго берилген 7 квотанын 5ин биз утуп алдык. Айыл аймагындагы көйгөйлөрдү чечүү, калкыбызга жагымдуу шарттарды түзүү менен өсүп-өнүгүүгө карай кадамдарды арбытуу-негизги максатыбыз.